# БЕКСУЛТАН ЖАКИЕВДИН ДРАМА ЖАНРЫНДАГЫ ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ
## *(«АТАНЫН ТАГДЫРЫ» ДРАМАСЫНЫН МИСАЛЫНДА)*

**САТЫЛГАН КЫЗЫ ГҮЛНУР**
biblionsu@rambler.ru

Ашым Жакыпбеков жазгандай бүгүнкү күндө кыргыз адабиятында «Бексултан Жакиевдин драматургиясы» деген түшүнүк бар.

Бексултан Жакиевдин драмалык чыгармачылыгы Т.Абдумомуновдун, М.Байжиевдин, М.Гапаровдун, Ч.Айтматовдун, М.Тойбаевдин драмалары менен бирдикте алганда, кыргыз драматургиясынын сапаттык жаңы тепкичин мүнөздөйт. Ошону менен катар жалпы драматургдардын катарында дрматургдун өзүнүн сүрөткерлик кайталангыс жүзү бар.

Бексултан Жакиев драма жанрында талыкпай изденүүнүн натыйжасында көптөгөн алгылыктуу драмалардын автору боло алды. Алсак, «Атанын тагдыры», «Алтын аяк», «Миң кыял», «Жолугушуу», «Күттүргөн жаз да келээр», «Жүрөлүчү жүрөк оорутпай» сыяктуу драмалары менен улуттук драматургияга өзүнүн салмактуу салымын кошуп, анын көркөм арсеналын жаңы мүнөздөр, конфликттер, жаңы идея, мазмун, жаңы нравалык проблематикалар менен байытты жана кыргыз драмасын жаңы бийиктикке көтөрдү. Ал улуттук драма өнөрүнө көркөм бийиктөөнүн сапаттык өнүгүүсүнүн жаңы этабын белгилеп, каармандардын ички дүйнөсүн толук ачууга, ойдун масштабдуулугун жана тереңдигин, сүрөттөнүн реалисттүүлүгүн психологизмин киргизди.

Акылбек, Зуура, Оңолкан, Жеңишбек сыяктуу өлбөс образдарды жаратты. Б.Жакиев драмаларында инсандын нравалык жоопкерчилиги маселесин курч койду, каармандардын ички дүйнөсүнө үңүлө кирип, психологиялык абалына жакшылык менен жамандыктын таймашын өзгөчө таасирдүү каражаттар, формалар аркылуу көркөм чагылдырды.

Драматург улам алдыга жылган сайын персонаждардын психологиясын ачуунун жаңы ыкмаларын өздөштүрүп, «Атанын тагдыры», «Алтын аяк» аттуу ж.б. психологиялык драмаларды окурмандарга тартуулады.

Б.Жакиевдин «Атанын тагдырындагы» көркөмдүк жетишкендиктери, ийгилиги, пьесадагы жандуу адамдык тагдырлар жана образдардагы психологизм, кеңири карап көргөндө, жеке бир эле сүрөткердин табылгасы эмес, бүтүндөй бир коомдук-маданий өнүгүүнүн жүрүшү менен даярдалган эстетикалык туунду болуп эсептелет. Мына ушундай кеңири өңүттөн карап көргөнүбүздө кыргыз драматургиясындагы өзүнчө бир этаптык чыгарма болуп саналган «Атанын тагдыры» драмасынын жаралышы кандайдыр бир кокустук эмес, учурдагы социалдык-маданий, адабий өнүгүүнүн натыйжалары менен шартталган мыйзамченемдүү көркөм кубулуш экендигине ынана алабыз.

Драмада негизинен согушта жакын адамдарын жоготкон карапайым айыл адамдарынын ички толгонуулары, кайгы-капасы кеңири көрсөтүлүп, согушка наалат, каргыш айтуу, тынычтыкты сактоо идеясы терең берилген.

Драманын композициялык-сюжеттик курулушу тыкан, иреттүү. Сюжети лирикалык ыр сыяктуу жүрөккө абдан жакын жана өзүнүн чыныгы сырданалыгы, каармандардын ички толгонууларынын жана речинин, монологдорунун, диалогдорунун кадимки турмуштагыдай жандуулугу жана реалдуулугу менен айырмаланат. Баштан аяк колдонулган диалог, монологдордо ашык, тажатма декларативдүү сүйлөмдөр жокко эсе. Ар бир реплика, сүйлөм аналитикалык стилдик мүнөзгө ээ болуп, драманын ички мазмунун ачуу каармандардын индивидуалдуу мүнөзүн түзүүгө багытталган.

Драманын башталышында эле ар бир каарман өз ал-абалы, өз иш-аракети, ички сезимдери, ой-толгоолору менен көрүнөт. Маселен, Акылбек карыянын келини Зууранын психологиясын, ички толгонууларын, санаркоолорун башка бир аялдын жан дүйнөсү менен алмаштырууга мүмкүн эмес. Анда эмесе драманы талдоону Зууранын образын талдоодон баштап көрөлү. Себеби, драмадагы психологизм чыгарманын биринчи көрүнөштөрүнөн тартып сахнада пайда болгон ушул Зууранын кыймыл-аракетинен башталат эмеспи.

«**Зуура. (*Жалгыз*).** Эмне кылам?... Кетүүдөн башка арга жокпу?.. Калсамчы?.. Же ырас эле кетишим керекпи?.. Жок, жок! Кете албайм! Антүүгө кудуретим да жетпейт! Жетпейт!..

**Бурулдун үнү** *(кайдандыр сүрдүү угулат)* – Кыз!.. Кыз!.. Акылыңдан адашпа! Азыр эле биздикинен кетеринде байкең экөөбүзгө берген убадаң кана! Айныба! Бирөөгө уул болуп бербейсиң, ушуну унутпа! Кыз!.. Кыз!.. Эсиңе кел! Эсиңе!..

**Зуура.** Ооба!.. Ооба!.. Баса, кетүүдөн бөлөк арга жок эмеспи! Кетишим керек! Кетишим!.. (*Шашып-бушуп, чемоданын камдай баштайт).*

**Акылбектин үнү.** А бизди кантесиң Зуураш?.. Таштайсыңбы?.. Өзүңдү уул ордуна тутуп жүрбөдүк беле… Зуураш!

**Зуура.** ( *Эчкирип ыйлап, бышып кетет)* – Оф!.. Эми канттим?! Кандай айла табам?!. Түбүң түшкүрдүн күнү да неге мынча басмырттанат?! Думугуп баратам! Думугуп!.. *(Сырттан Майраштын шайыр күлкүсү угулат. Зуура чемоданды четке түртө салат)».*

«**Майраш *(жайдары кирет)*** – Ай-ий! Келип калдыңбы, жеңе? Мага бүгүн алкыш жарыялашты! Кызыл үйчүлөрдүн курсуна да баргын дешти! Анан дагы… Көңүлүм эргип токтоно албай турам да! Ырдагым, бийик-бийик жерге чыгып алып кыйкыргым келип баратат. Эгер кучагыма батса, бүткүл тоону токою менен кучагыма кысар элем! Бүткүл тоону!.. А сенчи… кучактаар белең жеңе?.. [1, 7-б.]

Бул драмада тышкы көрүнөө окуялуулук азыраак, тескерсинче, каармандарда психологиялык активдүүлүк күчтүү. Согуштун кесепетинен өмүрлүк жары Болотбектен ажыраганына беш жыл болгон Зуура, эми Акылбектин үйүнөн «Кетсемби? же кетпесемби? деген эки суроо жан дүйнөсүн кыйнайт, жүрөгүн эзет. Кетейин десе кичинесинен баш кошкон күйөөсүнүн эне-атасын кыйбайт. Кетпейин десе, биринчиден жаш, экинчиден төркүндөрүнүн сөзүнөн чыга албай кыйналат. Ички азаптануулардын ал-абалын Акылбектин үнү менен Бурулдун үнү ого бетер дааналантып жатат. Айта турган нерсе, драманын башталышындагы бул эпизоддо адамдын көзүнө шак этип урунган тышкы окуя деле болуп өткөн жок. Бул жерден бир келиндин өзүнчө жалгыз туруп алып күбүрөнүп жатканына гана күбө болобуз. Ошону менен катар эки түрлүү психологиялык абалды, башкача айтканда, Зууранын кайгылуу олку-солку паанайлары менен Майраштын жүрөгү сүйүнгөн кубанычтуу, шайыр, жайдары психологиялык абалын карама-каршы коюу менен контрасттык мүнөз берип сүрөттөйт.

Мындай контрасттык сүрөттөөлөр эки каармандын психологялык маанайларын андан ары тереңдетет.

Анткени, Зуура оор турмушту башынан өткөрүп, күйөөсүнөн ажырап, кийинки тагдырын ойлоп, капаланып турса, Майраштын сүйүнүчү, сүйгөнү Арзымат менен баш кошуп, турмуш жолуна бет алганы турат.

Акылбектин үйүнө Бурулдун келиши менен психологиялык анализ андан ары тереңдейт. Курч диалогдор, репиликалар сюжеттин ыкчамыраак өнүгүшүн шарттайт. Уулу Болотбектен үмүтүн үзбөй күнүгө пристанга барып, жол тосуп жүргөн Акылбек карыя үчүн Зууранын колдон чыгаруу оңойго турбайт.

**«Бурул.** Кыз жакшы болсо барган жерин жарытат, жаман болсо кайын-журтун арытат. Кудайга шүгүр, кызыбыз да жаман чыкпады, оюңардагыдай келин болуп берди. Силер да ага тил тийгизип, катуу айтпадыңар, ушу бүгүнкү күнгө дейре ата-баладай болуп ынтымактуу жүрдүңөр.

**Акылбек.** Айланайын кудагый, жамактатпай ачык айтчы, деги эмне дегиң бар?...

**Пауза**

**Бурул.** Кызыбызды… колубузга салып берсеңер экен дейм.

**Пауза**

**Акылбек.** О, кашайган көр! Эмне дейт?

**Пауза**

**Бурул.** Болотбек жаңы эле уруш башталган жылы окко учту эле. Андан бери беш жылдан ашуун убакыт өттү. Ошондон ушу күнгө кыз аны жакшы эле күттү. Эми келиниңердин жаманчылыгы болгон болсо, ак батаңарды берип, кечирип койгула, кудаларым.

**Уулжан.** Сен ушуну айтмак белең, катыгүн кудагый?

**Акылбек.** Менин уулум да – Зуура, келиним да – Зуура! Менин Болотбегим да – Зуура, Зуурам да – Зуура! Каранар-карманганым Зуура! Аны колдон чыгарбайм!

**Бурул.** «Ээси келсе, бээсин бер» деген. Антпеңиз, куда!

**Акылбек.** Болотбегим тирүү, ал келет! Уктуңбу, кудагый, Болотбегим келет! Береги жаман күчүктүн колунан жетелеп, баракоттун жолун тосуп, көлдүн кылаасына күнүгө бараарымды укпай-көрбөй жүрөсүңбү?! Мени аякка үмүт айдап барат. Ал эми үмүттүүгө кудай берерин унутпа, кудагый! Унутпа!

**Бурул.** Атаганат, андай аттуу күн болсо менин деле төбөм көккө жеткени туратко, бирок…

**Акылбек.** «Бирок» эмес! Уулум келет!» [1, 12-13-бб.]

Тышынан баам салганда, бул эпизод элеттик кыштактын бир үйүндө кудалар жолугушуп, өз маселелерин өздөрүнчө сүйлөшүп жатканындай, демейки эле көрүнүштөй сезилет. Бирок, терең карасак мында эмне деген драма жатат. Бул эпизоддо көп нерселер түйүндөлгөн. Керек болсо, Батышта басылган согуш эми алыскы элеттеги ушул үйдө башкача түрдө, бөлөк формада уланып, пенделерди оор сыноодон өткөрүп жаткандай туюлат. Бир жагынан майдандан кайтпай калган Болотбегинен үмүт кылып, күнүгө пристанга барып жол карап күйүт тарткан, экинчиден келиним Зуура мындан ары кантээр экен деп тереңинде кооптонуп жүргөн Акылбек ата Бурулдун келишинен бир жаман жышаананын шарапасын астыртан туюп, коомайланып отурганда, табышмактантып, «жыландын башын кылтыйтып» сүйлөгөн Бурулдун сөзүнө чыдабай кетти. «Айланайын кудагый, жамактатпай ачык айтчы, деги эмне дегиң бар?» - деген сөзү Акылбектин ичинен кыпылдаганын тышка айгинелеп, карыяны «ичинен аңтарып» көрсөтө баштады. Драматургдун каармандын ичинде болуп жаткан нерсени, рентген нуру сыяктуу жарык кылып көрсөтө турган таамай речти таба билиши анын чеберчилигин айгинелейт. Андан кийин Акылбектин оозунан ыргып чыккан «О, кашайган көр! Эмне дейт?» деген эмоционалдуу сырдык сөз да терең психологиялуу. Бул сөз карыянын ары жактагы ой дүйнөсүн ачкандыгы менен баалуу. Бул жөн эле чочугандагы сөз эмес, ары жагында маани жатат. Болотбегинин кайгысын тартса да, Акылбек келини Зууранын, небересин – уулунан калган туяк Жеңишбекти ичинен эш тутуп, тээк кылып, ичинен тобо деп, өзүн-өзү сооротот. Анын үстүнө кокус Болотбегим тирүү болуп, бир күнү жарк этип үйгө кирип келсе, келинчегин таппай томсоруп калбасын деген да тымызын илгери үмүт ойдо. Эгерде Зуурадан ажыраса, Болотбегинен айрылганы да аз келгенсип, өлгөндүн үстүнө көмгөн болбойбу, талаада калгандай аңгырап каламбы деп да карыя тереңинде санааркап, мындай ойду башына жолоткусу келбейт. Ушундай абалда турган Акылбектин Бурулдун жогорудагы сөзүн укканда «О, кашайган көр! Эмне дейт?» деп секирип кеткени табигый нерсе жана андан мындан башка сөз чыкпайт да эле. Андан ары ал «Менин Болотбегим да – Зуура, менин уулум да – Зуура!» дегенге чейин барып, айласын таппай алдастады. Бул эмоционалдуу речь Акылбектин ички ой жүгүртүүсүнүн жана жан дүйнөсүнүн күзгүсү сындуу. Ошону менен бирге речтен Зуура да күзгүдөн көрүнгөндөй көрүнүп жатат. Сен каарманыңды жакшы деп сыпаттаба, жакшы экенин көрсөт, анан аны жакшы деп көрүүчү бааласын деген драматургдарга айтылган кеңеш кеп бар. Бул эпизоддо Зуура жок. Бирок жакшылап баам салган адамга Акылбектин бул речинен Зуура бизге кадимкидей таанылып турат. «Менин Болотбегим да – Зуура, уулум да – Зуура, келиним да – Зуура» деген сөз Зууранын өзүнүн жакшы жүрүм-турумуну, ыйман-адеби менен келген жерине жаккан асыл келин экендигин жакшы туйгузат. Болбосо карыя Акылбектин оозунан мындай сөз чыкмак эмес. Кыска, бир эле илеп менен айтылган сөз, кичинекей сүйлөмдө кайнатанын психологиясын да, Зууранын адамдык касиетин да мүнөздөөгө

жетишүү – чоң көркөмдүк утуш экендиги талашсыз. Аталган сахна эмоционалдык-психологиялык кагылыштарынын курчтугу жана кыймыл-аракеттин ички чыңалгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Үчүнчү көшөгөдө Зууранын кийинки барган жериндеги кайгылуу турмушу көрсөтүлөт. Зууранын кийинки кайын энеси Оңолкандын образы да колориттүү чыккандыгы менен бөтөнчөлөнөт.

Оңолкандын психологиясында өзүнө жеке мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү бар.

Үй-бүлөгө үстөмдүгүн орнотуп, бардыгын ноктолоп жетелеп жүргүсү келген, адамдын жан-дүйнөсүн түшүнбөгөн, рухий жактан жайдак, ичинен сөксөөлдөй катып калган, тилинен заар чачкан какчыңдаган Оңолкандын речи ушунчалык элестүү, кайталангыс курулгандыктан бул образ эсиңден чыккыс болуп сакталып калат. Зууранын эки үйдөгү абалына ой жүгүртүп көрсөк, эки шартты байкайбыз. Бири Акылбектин үйүндөгү ынтымактуулук, меймандостук, экинчиси Оңолкандын үйүндөгү ыркы кеткен эскичилик.

Орус режиссеру Б.Г.Голубовский «Оңолкан – бул мурункудай эле карасанатай аял эмес, ал болгон турмуштук окшоштугу менен түзүлгөн» [2, 136] - деп бекеринен айткан эмес.

Төртүнчү көшөгөдө Акылбектин психологиясына анализ берген дагы бир катар эпизоддорду жолуктурабыз.

Сюжеттин ички драматизминин кульминациялык чокуларынын бири бул – Акылбектин уулу Болотбектин дубалдын боорунда илинип турган сүрөтү менен сүйлөшүүсү болуп саналат. Улуу Чехов кезегинде сахнада эч бир артыкбаш нерсе болбош керек, эгер мылтык илинип турса, ал сөзсүз атылыш керек деген драмалык чеберчиликке байланыштуу айтылган афоризми белгилүү. Ушул мааниде караганда Бексултан Жакиев өзүнүн чеберлигин көрсөткөн десек жаңылыштык болбойт. Акылбектин үйүндө илинип турган портрет жөн эле сахналык декорациянын бир атрибуту катары жашабастан, бир учурда жанданып, драмалык кыймыл-аракетке аралашат. Драмалык жанрдын чагылдыруу технологиясы жагынан караганда Акылбектин портрет менен сүйлөшүүсү учурунда драма сынчылары тарабынан өзүнчө табылга, жаңылык катары кабыл алынган жана бул көркөм ыкманын пьесанын сюжеттик да, мазмундук да турпатына табийгый түрдө сиңип тургандыгы чындык.

Мында Акылбектин психологиясына талдоо берүү менен гана чектелгендик байкалбайт. Уулунун элеси, портрети менен сүйлөшүүсү, Акылбектин психологиясына өзгөрүүлөр киргизди, кайратына кайрат кошуп чыйралтты. Жеңишбектин кайра Акылбек карыяга кайтып келиши анны ого бетер толкундантып, кубанычка бөлөдү.

Жыйынтыктап айтканда, Бексултан Жакиевдин драмалык чыгармачылыгы кыргыз драматургиясынын сапаттык жаңы тепкичин мүнөздөйт. Ошону менен катар жалпы драматургдардын катарында Бексултан Жакиев өзүнүн сүрөткерлик индивидуалдуу жүзү бар таланттуу калемгер, чебер драматург экендигин драмалык чыгармалары менен тастыктап бере алды.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Жакиев Б. Атанын тагдыры Фрунзе «Кыргызстан» 1987
2. Асанбеков С. Азыркы кыргыз драмасы.